DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Алымкулов А.Т.*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АПРЕЛЬ ЭЛДИК РЕВОЛЮЦИЯСЫНЫН ӨБӨЛГӨЛӨРҮ (экономикалык каатчылыктын мисалында)

*Алымкулов А.Т.*

# ПРЕДПОСЫЛКИ АПРЕЛЬСКОЙ НАРОДНОЙ РЕВОЛЮЦИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ (на примере экономического кризиса)

*A.T. Alymkulov*

# BACKGROUND OF THE APRIL PEOPLE'S REVOLUTION IN KYRGYZSTAN (on the example of the economic crisis)

*УДК: 323.27*

*Автор макаласында Апрель Элдик революциясынын келип чыгышындагы өбөлгөлөрүнө көңүл бурган. Бул маселеге токтолуп жатып, экономикалык каатчылыктын мисалында караган. Кыргызстан эгемендүүлүктүн мезгилиндеги жыйырма жыл бою калкынын жашоо деңгээли боюнча КМШ өлкөлөрүнүн ичинде артта калып келет. Ошондой эле ири өндүрүштөрдүн жоктугунан жумушсуздук абдан күч алган. Ал эми экономикалык жактан тажырыйба жок болгондуктан, базар экономикасы жасалма моделдин кызматын аткарууда. Мунун негизинде көмүскө бизнес өзгөчө шарттарда өнүгүп, бийлик бутагындагылардын кызыкчылыгына гана багытталып калган. Бийликтегилердин экономиканын өсүшүнө болгон кыянаттыгынын терс таасиринде экономикалык каатчылык 2010-жылдагы социалдык чыңалууга алып келген. Кандай айтканда дагы Кыргызстан ушул мезгилге чейин чет элдик инвестициядан көз каранды. Мамлекетибиз көптөгөн жылдар бою экономиканын өсүү жолдорун издөө менен гана убара. Азыр дагы социалдык-экономикалык абал туруктаашып, өнүгүү жолуна түшө албаган абалда турат. Ушундан улам Өкмөт экономиканын өсүшү үчүн туруктуу саясатты жүргүзүүсү зарыл.*

***Негизги сөздөр:*** *Апрель революциясы, экономика, кризис, жакырчылык, жумушсуздук, инвестиция, туруктуулук.*

*В статье рассматривается экономический кризис, как одна из причин Апрельской Народной революции. Более 25 лет незавмисимости Кыргызстана показали успехи и недостатки в его развитии. Находясь в сильной зависимости от зарубежных инвестиций, отставая по уровню жизни от дуругих стран СНГ, имеет более высокий уровень безработицы. Кыргызстан ищет пути выхода из экономического кризиса. Экономика государства носит форму искусственной рыночной модели, возможность работы бизнеса проходит в особых условиях, а именно под контролем теневых структур, коррупционных схем и административного давления. Такое состояние национальной экономики, наряду со злоупотреблениями власти, расслоением общества на бедных и богатых привело к политическому кризису 2010 году. Для преодоления подобных тенденций наше Правительство должно создать благоприятные условия для экономического роста и стабильности в государстве.*

***Ключевые слова:*** *Апрельская революция, экономика, кризис, бедность, безработица, инвестиция, стабильность.*

*The article discusses the economic crisis as one of the prerequisites and reasons April People's Revolution. Twenty Years of Independence Kyrgyzstan lags behind in living standards from other countries SNG, has higher unemployment and poverty. Kyrgyz economic experience is in the form of an artificial market model, the basis of which is the possibility of business to work in special conditions, namely, under the control of shadow structures or relying on administrative capabilities. This state of the national economy, along with the abuse of power, local elites led to political crises in 2010 year. Kyrgyzstan is highly dependent on foreign investment. For many years our state has been looking for ways out of economic instability. And now we cannot call the country's social and economic development favorable. Therefore, our Government should create a stable condition for economic growth.*

***Key words:*** *April revolution, economy, crisis, poverty, unemployment, investment, stability.*

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүгүнө ээ болуп, өз алдынча көз карандысыз мамлекет болгондон тартып эле экономикалык каатчылыкка кабылып, анын сазынан суурулуп чыга албай келет. Мамлекетибизде өкүм сүргөн ушул абал бир заматта пайда болуп калган көрүнүш эмес. Ал көптөгөн мезгилдер бою чечилбей келген маселелердин натыйжасынын негизинде келип чыккан. Экономикалык каатчылыкка өлкөнүн экономикасынын абалы кескин начарлап, өндүрүмдүн төмөн түшүүсү, өндүрүштөрдүн бирибирине болгон байланыштарынын үзүлүшү кирет. Мындай учурда ишканалар толук түрдө банкротко учурашат. Банкрот өз кезегинде түздөн-түз жумушсуздукка алып барат. Ал эми жумушсуздуктун кесепети карапайым элдин жакырланышына өбөлгө түзөт. Натыйжада элдин жашоо деңгээли төмөндөп, коомчулуктун кыжырдануусун пайда кылат. Мына ушул факторлор коомдун чукул өзгөрүшүн же болбосо революциянын болушун шарттайт. Жогоруда биз белгилеп өткөн маселелерди болтурбоо жана алдын алуу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



үчүн мамлекет тарабынан эч кандай реформалар жүргүзүлбөгөндүктөн, аны жүргүзө турган саясий системанын өзү жөндөмсүз болуп чыкты. Биздин талдоолорубузга таянып экономикалык каатчылыктын пайда болуу шарттарын төмөндөгүдөй бөлүктөргө бөлүүнү туура көрдүк.

1. Өндүрүштүк товарларды өндүрүүдө эксперттердин алдын ала божомолдору жүргүзүлбөгөндүгү;
2. Өндүрүлүп чыгара турган товарларды баалоо жана сатуу жолдору аныкталбагандыгы;
3. Товарлардын Эл аралык стандартка тууралоо иштеринин жоктугу;
4. Товарлардын ашыкча өндүрүлүп кетиши;
5. Сатылбай калган продукциянын көбөйүшү;
6. Өндүрүштүн чыгымдарынын өсүшү;
7. Кирешенин кескин төмөндөшү;
8. Баанын ылдыйлашы;
9. Айлык акынын кыскарышы;
10. Өндүрүштүн банкротко кептелиши;
11. Жумушсуздуктун күч алышы.

Жогоруда белгиленген шарттардан улам элдин жашоо деңгээли начарлап, экономикалык каатчылык өзүнүн апогейине келип жеткен. Дүйнөлүк экономикага байкоо жүргүсөк, экономикалык өсүүнүн ажырагыс фактору катары бирден-бир ишкерликтин ишмердүүлүгүнүн өнүгүшү саналат. Кичи жана орто бизнестер Кыргызстандын экономикасы үчүн маанилүү орунда турат. Ошондой эле ири ишканаларды ачуу, жумушчу орундарды түзүү болбогондуктан улам карапайым калк аргасыздан чет мамлекеттерге чыгууга мажбурланышкан. Мындай терс көрүнүштөрдүн күчөшүнүн жыйынтыгы 7-апрель 2010-жылдагы окуя менен аяктаган. Апрель Элдик революциясынын өбөлгөлөрү абдан көп. Биз изилдеп жаткан маселеде бир гана экономикалык каатчылык талдоого алынган. Ал эми толуп жаткан дагы башка негиздүү себептери менен өбөлгөлөрүн өзүнчө бөлүп карайбыз. Биздин коомдо дагы бир чоң көйгөйлөрдүн бири Эл аралык деңгээлдеги экономиканы жөнгө салуу, ар кандай каатчылыктын алдын алуу боюнча эксперттердин жоктугу экономиканын өнүгүшүнө тер таасирин тийгизүүдө [1].

Кыргызстан өзүнүн жайгашкан географиялык абалын эске алуу менен дагы иш кылса жөндүү болмок. Дүйнөлүк соода уюмуна мүчө болуу менен өнүгөбүз деген жеңил ойдон алыс болушубуз керек. Бизде ачык экономиканын ордуна көмүскө экономика өз жемишин берип келе жаткандыгы жашыруун деле эмес. Биздин мамлекет үчүн эң татаал убак ДСУнун алкагына кирип жатып, башка өлкөлөр менен Эл аралык экономикалык кызматташтыктын кайнап турган учуруна дал келип калышы болгон. Ата мекендик экономиканын дүйнөлүк державалардан, ал гана эмес ДСУга мүчө эмес жакынкы кошуналардан дагы көптөгөн жылдарга артта калып калган [2]. Мамлекетибизде азыркы мезгилде кичи жана орто бизнесстерди көбөйтүү максатында шарт түзүүгө аракет кылууда. Алардын салыктары төмөндөтүлүп, төлөө шарттарын да ыңгайлатып жатат. Бирок, ошол эле учурда көмүскө экономиканын өсүшүнө салым кошуп келет. Анткени, мамлекет экономикалык саясатты жакшы билбегендиктен, кайрадан эле кичи жана орто бизнестин санын гана көбөйтүү менен чектелип калган. Алар өз кезегинде жаңы инновациялык технологиялардын өсүшү менен экономиканы көтөрө алган жок.

Апрель Элдик революциясынан кийин келген бийлик экономиканын жаңы багытта өзгөрүшүнө жакшы эле аракетин көрдү. Элдин социалдык-экономикалык көйгөйлөрү менен тим калтырбай, аларды жеринен чечип, шарт түзүп берүү зарыл экендигин түшүндү. Карапайым калктын мүмкүнчүлүгүнө жараша свет, газ, сууга болгон төлөмдөрдүн баасын эсептөө керектигин билишти. Бирок, кандай гана аракеттер жасалбасын баалар иш жүзүндө дагы да болсо төмөндөй элек. Өкмөт тарабынан Орусия менен суу сактагычтарды курууга, үгүлтүксүз калкты газ менен камсыздоо иштери боюнча келишимдер түзүлдү. Мындан сырткары мамлекет өзүнүн жарандарын жакшы шартта жашашына, жумуш орундары менен камсыз кылып, шарт түзүп берүү аракетин көрүүдө. Бул иш-чаралар мамлекеттин функциясы катары эффективдүү иштеши шарт. Мындай иштер аткарылбагандыктан революциялык кырдаалдын пайда болуусуна түрткү берет. Ошондуктан бийлик стратегиялык пландарды иштеп чыгып, кайрадан анын ишке ашышын көзөмөлдөш керек. Асылбек кызы Гулмиранын изилдөөсүндө Кыргызстандын экономикасы тууралуу: “С получением суверенитета, Кыргызстаном были разработаны ряд стратегий по развитию экономики страны. Если бы хоть часть поставленных целей в этих стратегиях и концепциях целей были достигнуты на практике, мы имели сейчас совсем другую экономику” [3] деп белгиленет. Чындыгында экономиканы көтөрүү жаатында көптөгөн концепциялар, программалар иштелегени менен эч кандай жыйынтык берген жок. Баардык азык-түлүк, тамак-аш, күнүмдүк керектелүүчүлөрдүн баасын көзөмөлгө алуудагы эң чоң маселелердин бири. Дүйнөлүк экономикага, коңшу жашаган мамлекеттердин экономикасына дайыма көңүл буруп, алдын ала прогноздоо иштерин жүргүзүшү зарыл. Эгерде мындай прогноздорду чыгарууга атайын адистердин тажырыйбасы жетпесе, баа кымбаттап баштаган учурда төмөндөгү өкмөттүк структуралар жөнгө салуу иштерин жүргүзүшү абзел.

1. Монополияга каршы күрөшүү жана атаандаштыкты өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттик;

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



2. Айыл, суу чарба жана кайра иштетүүчү өнөр жай министрлиги;

3. Экономикалык өнүктүрүү жана соода министрлиги.

Мамлекетте кандай гана экономикалык кырдаал пайда болбосун, жогоруда айтылган өкмөттүк структуралар тиешелүү деңгээлде иштерди жүргүзүшөт. Бирок бизде монополияга каршы күрөшүү агенттиги базар баасына көзөмөл жүргүзбөй келет. Ушунун натыйжасында азык-түлүктүн бааларын жөндөө, ирээтке келтирүү мүмкүн эмес. Баалардын жөнгө салынбашы тууралуу А.Сарыбаев мындайча билдирет: "Мунун эң негизги себеби – мамлекеттин өзү коррупцияланышып, жалаң аткаруу системасы эмес, парламент, сот системасы да толук коррупцияланып кеткен" [4]. Чындыгында баалардын көтөрүлүшү биринчиден элдин жумушсуз катмарын, эмгек акысы аз төлөнгөн жарандарды жакырланууга дуушар кылат.

Кыргызстандагы экономикалык каатчылыктын пайда болуусу бийлик башындагы жөндөмсүз башкаруучулардын иш билбестигинен келип чыгат. Азыркы мезгилде жогорку квалификациялуу, иш билги адистердин дээрлик көпчүлүгү Кыргызстандан чыгып кетүүгө мажбур болушкан. Себеби, аларды мамлекет иштеген ишине жараша эмгегин баалай алган эмес. Ошондуктан кесипкөй адистердин жетишсиздигинен экономикада жана саясатта тең салмактуулук сакталбай ушундай каатчылыкка кептелип калууда. Бүгүнкү күндө дагы эле экономикага эски, колхоздук системадагы көз караш сакталгандыктан, мамлекет экономикалык каатчылыктын сазынан суурулуп чыга албай келет. Экономикалык каатчылыктын себептерин Э.Т. Турсунова, Б.С. Назарбаева өз эмгектеринде мындайча билдирет: "Кыргыз мамлекетинин коррупцияланышы, эгемендик алгандан кийинки менчиктештирүүнүн туура эмес жүргүзүлүшү, жерлерди жеке менчикке теңдештирилип бөлүнбөгөнү жана жери аздарга дотациянын каралбагандыгы, жумушсуздук, жакырчылык, миграциянын өсүшү негиз болгон" [5].

Жыйынтыктап айтканда мамлекетти өнүктүрүү үчүн чет элдик инвестицияны тартуу, тышкы жардамдарды алуу, аны туура пайдалануу мамлекеттин жүргүзгөн саясатына ылайык болот. Ошол үчүн саясий системаны күчтөндүрүшүбүз зарыл. Инвестициянын келишинин төмөндөшүнө түздөн-түз Апрель Элдик революциясынын салымы бар экендиги баарыбызга маалым. Мындай трагедиялык окуялар, саясий туруксуздук, чек аралардын жабылышы да Кыргызстандын инвестициясына терс таасирин тийгизген. Инвестициялардын келиши өлкөнүн туруктуу, жагымдуу жагдайларга байланыштуу болору белгилүү. Ошондуктан революцияларды болтурбоо үчүн анын келип чыгуу өбөлгөлөрүн алдын алып, өткөндөгүдөн сабак катары үйрөнүп, келечектүү туура саясий багыт алуу азыркы коомдун талабы.

**Адабияттар:**


1. Алымкулов А.Т. Автордун талаа маалыматтары. - Б, 2019. - 21-б.
2. Нурадил Раимбеков. Экономиканын ири бизнестердин жетегинде өнүгүшү//Saresep.kg.-10-июль, 2015.
3. Асылбек кызы Гулмира. Предпосылки возникновения и социально-экономические последствия Апрельской революции 2010года в Кыргызстане // Известия вузов Кыргызстана. - №4, 2013. - 234-б.
4. Сарыбаев А. Бул Өкмөт эч качан кризистен чыгара албайт. //azattyk.org. - 18-август, 2010.
5. Турсунова Э.Т., Назарбаева Б.С. 2002-жылдагы Аксы окуясынын экономикалык себептеринин басма сөздө чагылдырылышы// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - №4, 2016. - 135-б.